**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ № 1**

**Өтүлгөн күнү** 28.08.2016.

**Күн тартиби:**

УБнин 2015-2016 огкуу жылындагы ишинин анализи. Кыйынчылыктар жана жетишкендиктер.

УБнин 2016-2017 окуу жылына иш планы

Жаңы окуу жылына календарлык – тематикалык планды түзүү.

23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата иш чаралардын планы.

Катышкандары: 7

1. Мамлекеттик тил боюнча директрдун орун басары М.Б. Жолдошбековна 2016-2017 окуу жылында баардык класстарда окуу програмасы КГПга ылайык аткарылганын белгиледи. Усулдук бирикменини жетекчиси Абакирова Р.О. Өткөн окуу жылында пландаштырылган иш чаралар өткөрүлгөнүн айтты.

2. 2016 – 2017 окуу жылына түзүлгөн иш план менен Жолдошбекова М.Б. тааныштырды ар бир мугалим сабактарды түзүлгөн календарлык тематикалык планга карап өтүусүн, класстык журналдардын өз убагында толтурулуп жана оңдоого жол берилбеши керектигин айтты.

3. Сентябрь айынын бешине чейин ар бир мугалим предметтик цикл боюнча календарлык тематикалык планын биринчи жарым жылдыка түзүп УБнин жетекчиси Абакировага өткөрсүн. Календарлык тематикалык планды түзүүдө кыргыз тил сабагы билим жана илим берүү министирлиги бекиткен програмага ылайык түзүлсүн.

4. Кыргыз тил Мамлекеттик тил күнүнө карата 3-11 класстар “Эгемендүү Кыргызстан” фоосүрөттөр көргөзмөсүн өткөрөт. 9-11 класстар “Тамыры болбой жер болбойт, тарыхы болбой эл болбойт” Ата Бейит мемориалдык комплексинде саякатка барышат. 5- 8 класстар кыргыз спектаклдерине барышат. 5 – 11 класстар арасында “Эгемендүү Кыргызстан” мекен жөнүндө көркөм окуу боюнча сынак өткөрүшөт.

Чечими:

1. 2015-2016 окуу жылындагы УБнин аткарган ишин канаатандырдык.
2. Календарлык тематикалык план бекитилсин.
3. Мамлекеттик тил күнүнө карата иш чаралар 12 – 23 сентябрга чейин өткөрүлсүн.

Кыргыз тили усулдук бирикмесинин жыйынынын

ПРОТОКОЛУ № 2

Өтүлгөн күнү 07.09.2016

Күн тартиби:

1. Кыргыз тестин деңгээлдерин талкуулоо.
2 Кыргыз тили жана адабияттан мамлекеттик стандарт мн таанышуу.
3. „Кыргыз тили жана адабият" усулдук бирикменин ичиндеги „Мыкты мугалим" конкурсуна катышуучуларды тандоо.
1 /Классный классный/ Мыкты класс жет.
2 Жылдын мыкты мугалими.

Катышкандар: 7

1 Жолдошбекова М.Б
2. Абакирова Р.О
3 Кенжебаева М.Ф
4 Тиленбаева Ж.М
5. Маршенбаева К.С
6. Карабаева Г.Т
7 Батырбекова А.А.

1 Усулдук бирикменин жетекчиси Абакирова Р. Кыргыз тестин деңгээлдерин окуп таанышышты. Ар дайым 2-бөлүм мн таанышты/ды. Ар бир мугалим тестин көчүрмөлөрүн алып таанышты.

2. Кыргыз тили жана адабият боюнча программа менен таанышып Мамлекеттик стандарт мн таанышты.
Адабият сабагынан окуу программасы менен окуу китеби дал келбегендиктен толук талкуулап, айрым оңдоолорду киргизүү жана окуу жана түзүү.
5-11-класстарда адабият сабагынан окуучулардын сааттары толук каралып чыкты.
Окуу программасы боюнча КТП түзүлүп, ар бир чейрекке окуучулук сааттар бекитилди. Окуу материалдарды кошуу жана түрдүү анкеталарды канча саат окуучулукка керектигин талкуулашты.

Баштапкы класстар үчүн (2-класс) окуу китебине ылайык берилген дептерлер колдонулары да айтылды. Андай дептерлер менен катар сөздүк дептери да колдонулат.

2. Жылдын мыкты мугалими жана Эң мыкты класс жетекчи конкурсуна үлүшүн бирикмедеги ар бир мугалими катыша алат. Себеби биздин секцияда мугалимдердин стажы 5-10 жылдан ашат.

Жаш мугалимдердин талкуусунан кийин, „Мыкты класс жетекчи" конкурсуна бир мугалим гана катышканды сунуштук.

Чечими:

1. Кыргыз тестин дептерлеринин көчүрмөсү ар бир мугалимде болсун.
2. Кыргыз тили жана адабияты программага жана мамлекеттик стандартка ылайык түзүлүп, бекитилсин.
3. Эң мыкты класс жетекчи конкурсуна Карабаева Г. катышат.

Кыргыз тили усулдук бирикмесинин жыйынынын

ПРОТОКОЛУ № 3

Өтүлгөн күнү 12.10.16

Күн тартиби:

1. Мугалимдерди аттестациядан өткөрүү.
2. Начар окуган окуучулар менен иш алпаруу.
3. Башталгыч жана ортонку мектептин ортосундагы байланыш. Сабактарга катышуу, тажрыйба алмашуу
4. Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн эмгек тартиби.

1. Об аттестации учителей
2. Работа со слабоуспевающими учащимися
3. О преемственности в работе между начальной и старшей школой. Организация взаимопосещения уроков.
4. О трудовой дисциплине членов методических объединений

Катышкандар: 6.

(Карабаева Г.Т. ооруп жатат).

1. Биринчи суроо боюнча мамлекеттик тил боюнча мугалимдин орун басары Тоодорбекова М.Б. сүйлөдү. Ар бир мугалим аттестациядан өтүү үчүн ариз жазып даярдануу керек. Ар бир мугалим өз иштерин, сабактардын планын, окуучулардын дептерлери, бардык иш-кагаздарды даярдоо керек

2. Бир ай ичинде окуучулардын билимин баалап, жазуу иштери жүргүздү. Ошого карап жетишпеген окуучулар менен кошумча иштер, кошумча сабактар өткөрүүсүн. Чейректин жыйынтыгы чыкканча кошумча сабактарды өтүп, жетишүүгө аракет кылганга. Окуучулардын тоңдоосуна карата материалдарды берүү менен окуучунун билимин баалоо

3. Башталгыч жана ортонку мектептин ортосундагы байланыш кандай түзүп жатат. 5-класска (катышкан) келген окуучулардын билим деңгээли кандай? Башталгыч класста алган билимдерин чейрекке чейин алышабы? Өзгөрүүлөр барбы.

4. Ар бир мугалим өз ара сабакка катышып, тажрыйба алмашуу иштери кандай түзүп жатканын айтып беришти. Сентябрь ичинде өткөрүлгөн иштер боюнча жыйынтык чыгаруу менен чейректик баалар коюлуп алдында дагы кандай иштер жүргүзүү керектигин айтышты. - Л. Кошумча текшерүүлөр менен жатат

Сабакта өзгө жетишкендикке жа бөтөн окуучулар менен иштөө
Сабакка жетишпеген окуучулар менен иш алып баруу

Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн иш тартиби берилген график б/ча жүрөт.
1) жазуу дептерлеринин текшерилиши
2) сабак пландардын жазылышы.
3) Жеке и/н иштөө.
Боло турган шаардык семинарга даярдык көрүү
Кабинеттеги көрсөтмө куралдардын системасы, жасалышы

Чечими:

1. Аттестациядан өтүүнү каалаган мугалимдер арызын жазышы
2. Начар окуган окуучулар менен кошумча иштерди алып баруу сабак м/н т. м/о иштөө
3. Ар бир мугалим өз ара сабакка катышып талкуулашы.
4. Усулдук бирикменин мүчөлөрү өтө турган шаардык семинарга даярданышы.

## “Кыргыз тили жана адабияты” усулдук бирикмесинин жыйынынын

**№ 4 протоколу** 09.11.16.

**Күн тартиби:**

1. “Кыргыз тили жана адабияты” усулдук бирикмесинин 2016-2017- окуу жылынын 1 чейрегиндеги окуу-тарбия иштеринин анализи
2. Мугалимдердин өз билимдерин жогорулатуу боюнча усулдук бирикмедеги темалары боюнча отчёту
3. Мектепте предметтик олимпиаданы уюштуруу жана өткөрүү

Катышкандар:

1. Мамлекеттик тил б/ча дир. окуу б. Жээнбекова:
Усулдук бирикменин мугалимдери I чейректе төмөнкүдөй иш-чараларды өткөрдү.
1. 1-сентябрда бардык класстарда класстык сааттар өтүлдү.
2. 23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата иш-чаралар өткөрүлдү.
– радиоберүүлөр, сүрөт конкурсу, көркөм окуу, жат жазуулар жана, бардыгы Юрий ... : – кызыктуу концерт иш-чара уюштурулду.

2. Мамлекеттик тил боюнча текшерүү, андагы кемчиликтерди оңдоолору керектиги мугалимдерге эскертилди.

3. 5-класстарда билим деңгээлин текшерүү өткөрүлдү.
4. 4-класстарда жазуу дептерлери текшерилди.

5. Мугалимдер өз ара сабакка катышуу жүргүзүлүп, талкууланды.

6. Класс жетекчилер өз класстарында ата-энелер жыйынын өткөрүштү.

7. Документация боюнча текшерүү жүргүзүлдү.
1) КТП
2) журналдар
3) сабактын пландары.

II. Мугалимдер өз билимдерин жогорулатуу боюнча өз темалары боюнча отчет беришти.
Кандай иштерди өткөрүп жатканын айтышты.
Карабаева Г.Ж.

III. Олимпиада
1. 5-кл. Баатырбекова А.А
2. 6- Шаршенбаева К.С
3. 7- Абакирова Р.О.
4. 8- Абакирова Р.О
5. 9- Темирбекова Н.Б / Карабаева Г.К
6. 10. Түменбаева Н.М
7. 11. Мамырбекова

Д) тапшырма — жат жазуу
— кб. тапшырма

Ар бир мугалим бирден манасчы даярдайт

Декабрда өтүлө турган Манас күнүнө карата манасчылар конкурсуна даярдык көрүлөт.

Чечими:

1. Документация б/ча көтөрүлгөн иштерди эске алуу
2. Олимпиаданын тапшырмаларын даярдап класстарда өткөрүлсүн
3. „Манасчылар" конкурсуна ар бир мугалим „Жаш манасчы" даярдасын

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №** 5

**Өтүлгөн күнү** 06.01.17

**Күн тартиби:**

1. Батырбекова А.А. жана Кенжебаева „Кыргыз тили, адабият сабагында оюндук өзүнчө чыгарма-лар колдонуу ыкмалары" деген темадагы докладын угуу
2. Шаршенбиева К.С. интерактивдүү жаңы ыкмалар менен, адабият сабагынан үлгүлүү көрсөтүү үчүн 6 кл. Барпы Алыкулов ~~сан~~ ко темада сабак

Катышкандар: 7

Катышпаганы: 0.

1. Батырбекова А.А.
темада доклад окуду. Докладда дидактикалык оюндарды сабакта колдонуу менен сабактын натыйжалуу болору айтылды.
Баштапкы орус класстарда кыргыз тилин үйрөтүүдө башкы маселе окуучулардагы кыргызча сөзүн өстүрүү, тил маданиятын калыптандыруу тарабы. Оюндар өз алдынча конкреттүү максатты жана бир нече милдеттерди камтыганы чогуу коет.
Оюндар максатына жана милдетине жараша бир нече типке бөлүнөт.
1. Тил жатыктыруучу маданиятына
2. лексикалык байлыгын өстүрүүгө, көбөйтүүчү оюндар
3. речин монологдук, диалогдук өстүрүүгө көмөктөшүүчү оюндар
4. Грамматикалык көндүмдөрдү калыптандырууга

Булардын ар бири өз алдынча коюлган милдеттерин чечүүгө карата түрлөрү дидактикалык максат-милдеттери.

пайдаланууга жардамдан жана
ой-пикирин [illegible] сөздөрү
мурдагы белгилерге ээ.

Өнөрлөрдү колдонууда төмөнкүдөй
суроолорду эске алуу керек.

1) тил өстүрүү
2 лексикалык байлыгын өстүрүү
Өнөрдү өзүнө максатта колдонбоо
Өнөрдү сабактын мазмуну
менен кантип байланыштыруу керек
өнөрдүн убактысы канча болот.
Өнөрдү уюштуруу жана ага жетекчилик
кылуу кандай ишке ашат.

2. Кенжебаева М.И. «Кыргыз тили жана
адабиятын окутууда этнопедагогиканы
колдонуу, Элдик өнөр» деген темада
доклад окуду.
Этнопедагогикада муундан-муунга
өтүп турган, адеп-ахлактык патриоттук
асыл баа-лекпи уюп калат.
Элдик оозеки чыгармачылык илимий ойдун
[illegible] макалдар - табышмактар
жомоктор санжыра, айтыштар

3 Шаршенбаева К.С. окуучулардын жаңы
интерактивдүү ыкмаларды сабакта
кандай колдоно турганын көрсөттү.
Барпы Алыкуловдун «Жаман ит,
жаман ит, бокор [illegible] [illegible]
деген чыгармаларын окутуу
сабак өтүү. 6-класстын окуучулары кандай
ыкмалар менен түшүнүүсүн, андан түшүнүгүн
айтып берүү.

**Чечими:**

1. Окулган доклаттар Кенжебаева М.И.
Батырбекова А.А. Шаршенбаева К.С.
докладдары ар-күнкү сабакта
кездешүүчү проблемаларды чечүүдө, окуучуларды
тынымсыз түшүндүрүүгө, билим
сапатын жогорулатууга багытталган.

2. Кийинки доклаттар Жиренбаева Р.К.
Карабаева Г.Т. III чейректин каникулунда
даярдалсын.

**“Кыргыз тили жана адабияты” усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**Протокол № 6**

**Өтүлгөн күнү __23_03_17___**

**Күн тартиби:**

1. Үчүнчү чейректин жыйынтыгы. Окуу программасынын аткарылышы.
2. Кыргыз тил жана адабият усулдук бирикмесинин декадасы. Анын жыйынтыгы.

**Катышкандар: 7**

Катышпаган: 0

1. Биринчи суроо боюнча Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдлошбекова Мырзагуль Бакасовна сүйлөдү. Учүнчү чейректе окуу программасы, жазуу ишинин нормалары, аткарылды. Планга ылайык Эне тил күнүнө карата, 5 – март Ак калпак күнүнө карата класстан тышкаркы иштер өз убагында өткөрүлдү. Мугалимдер жана окуучулар эң жакшы даярдыктарын көрсөтө алышты. Бул иш чараларда окуучуларды ынтымактуулука, биримдүүлүкө, билим алууга умтулууга тарбиялоо менен көркөм окууга машыгуу иштерин жүргүзүүдө чоң ийгиликтерге жетишти. Ошону менен катар кетирилген кемчиликтер да болду. Жазуу дептерлерин текшерүүдө айрым деперлердин текшерилбегени аныкталды. Мугалимдерге эскертүү берилди. Окуучулардын билимин баалоодо оозеки жана жазуу иштеринин түрлөрүн кароо.
2. Экинчи суроо боюнча кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин декадасы өткөрүлдү. Бардык мугалимдер ачык сабактарды өтүштү. Шаршенбаева Клара Садыковна 8-б класста, Карабаева Гүлбарчын Телтаевна 10а класста, Тиленбаева Жыпара Жумашевна 5-класста, Баатырбековна Айнура Алиевна 5- класста сабак өтүштү. Декада чейректин аягына туш келип калгандыктан кийинки окуу жылында декаданы декабрь айында өткөрүү сунуштары киргизилди. Декаданы жыйынтыктоо жылыга өтүлүп жүргөндөй Нооруз майрамына арналган класстан тышкаркы иш чара менен жыйынтыкталды.

Чечими:

1. Үчүнчү чейректе кетирилген кемчиликтерди четтетүү.
2. Усулдук бирикменин декадасы2017-2018 окуу жылында 1- декабрдан 15 – декабрга чейин өткөрүлсүн.

**"Кыргыз тили жана адабияты" усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**Протокол № 7**

**Өтүлгөн күнү _27.03.2017_**

**Күн тартиби:**

1. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 5 – 8, 10 класстарда, окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 6-8 – класстарда кыргыз тилинен класстан класска көчүрүү сынагын , окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 9,11- класстарда мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү.

**Катышты: 7**

**Катышпаганы**: 0

1. Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова Мырзагул Бакасовна Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министирлигинин 2017-жылдын 10 – мартындагы №281/1 буйругу менен тааныштырды. Аталган буйрукка ылайык Бишкек шаарынын №52 жалы билим берүүчү орто мектебинде 5 -8, 10 класстарда кыргыз тилинен класстан класска көчүрүү сынагы өткөрүлүп, жат жазуу жазышат. Жат жазууга берилген тексттердин көлөмүн алууда Кыргыз билим берүү академиясы сунуштаган Садык Үсөналиевдин "1 – 11 орус класстарында кыргыз тилинен окуучулардын билимине, машыгууларына жана көнүгүүлөрүнө баа коюнун болжолдуу жаңы нормалары" (Бишкек – 2006) усулдук китеби колдонулду. Жат жазуулардын тексттери Садык Үсөналиевдин "Жат жазуу жыйнактары" китебинен алынды. Грамматикалык тапшырма окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстардын кыргыз тилинин программасынан (Бишкек- 2012) алынды.

5 – класс боюнча көчүрүү сынагына Батырбековна Айнура Алиевна "Окуучулар жардамдашты" деген текстти сунуштады (текстте 74 сөз) текстке карата тапшырманы директордун мамлекеттик тил боюнча орун басары Жолдошбекова Мырзагул Бакасовна сунуштады.

Тапшырма: берилген сөздөрдү жөндөгүлө

Оң жак. – дыйкан                    Сол жак. – окуучу

6 – класс боюнча көчүрүү сынагына Шаршенбековна Клара Садыковна "Улуттук музыкалык аспаптар " деген текстти сунуштады (текстте 96 сөз)текстке карата тапшырманы директордун мамлекеттик тил боюнча орун басары Жолдошбекова Мырзагул Бакасовна сунуштады.

Тапшырма : Берилген сүйлөмдөрдөн этишти тапкыла.

Оң жак:

Аспапты жасоочу черберлер аны көбүнө өрүктөн же тыттан жасашкан.

Сол жак:

Ооз комуз: жыгач ооз комуз, жана темир ооз комуз болуп экиге бөлүнгөн.

7 – класс боюнча көчүрүү сынагына Абакирова Рыскул Осмоновна "Арстанбап жазы" деген текстти сунуштады (текстте 109 сөз)текстке карата тапшырманы директордун мамлекеттик тил боюнча орун басары Жолдошбекова Мырзагул Бакасовна сунуштады.

Тапшырма: берилген сүйлөмдөрдөн сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла.

Оң жак:

Өрөөн толгон кызыл – тазыл гүлдөр көз жоосун алат.

Сол жак:

Арстанбапта ашкана, китепкана, меманкалар туристтерди сапаттуу тейлейт.

8 – класс боюнча көчүрүү сынагына Абакирова Рыскул Осмоновна Шаршенбековна Клара Садыковна "Жашылча " деген текстти сунушташты (текстте136 сөз)текстке карата тапшырманы директордун мамлекеттик тил боюнча орун басары Жолдошбекова Мырзагул Бакасовна сунуштады . Тапшырма: берилген сүйлөмдөрдөн сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүн тапкыла.

Оң жак:

Калемпир тамак ашка өзгөчө даам берет.

Сол жак:

Эт жеген адамдын күчүнө күч кошулат.

10 – класс боюнча көчүрүү сынагына Карабаева Гүлбарчын Тыйтаевна "Ак куу" деген текстти сунуштады. Тапшырманы директордун мамлекеттик тил боюнча орун басары Жолдошбекова Мырзагул Бакасовна сунуштады.

Тапшырма: берилген татаал сүйлөмдү жөнөкөй сүйлөмдөргө ажыраткыла.

Оң жак:

Ышылдак ак куу каркылдай алат, ал эми күрпүлдөк ак куу сурнай үнүндөй салтанаттуу үн салат.

Тапшырма: берилген жөнөкөй сүйлөмдөрдөн татаал сүйлөм түзгүлө.

Сол жак:

Ак куу, албетте, ырдабайт. Ал дегеле сайроочу куштарга да кирбейт.

9 – класс боюнча мамлекеттик аттестациялоого оозеки сынак тапшырылат. Окуучулар Кыргыз Билим Берүү Академиясы тарабынан сунушталган типтүү билеттер боюнча даярданышат. Билеттерге ылайык № 1,2,3,6,9,11,13,17 билеттердин 3-суроосу орус

тилинде берилген тексттерди кыргыз тилине которуу, №4 билеттин 3- суроосу берилген тексттен жөндөмөдө турган сөздөрдү таап, аларды уңгу мүчөгө ажыратып, маанисин түшүндүрүү, № 14 билеттин 3- суроосу жөндөмө категориясында турган сөздөргө сүйлөм түзүү тапшырмалары берилген. Бул тапшырмалар боюнча тексттерди Жолдошбекова Мырзагуль Бакасовна сунуштады . Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарга “Кыргыз тили жана адабияты” усулдук бирикмесинин жетекчиси Абакирова Р.О. 6- класстарга “Биринчи мугалим”, 7- класстарга “Манастын балалык чагы”, 8- класстарга “Айтыш” тексттерин сунуштады. Кенжебаева М.И. 6- класстарга грамматикалык тапшырманы морфологиялык талдоону, 7-8- класстарга синтаксистик талдоону сунуштады. Талдоого берилген сүйлөмдөр:

6- класс :

Оң жак:

Мен аны сүрөт аркылуу төкпөй – чачпай элге жеткирсем деген үмүттөмүн

Сол жак:

Бул сүрөттү мен алы тартып бүтө элекмин

7- класс

Оң жак:

Бир күнү Чыйырды түш көрдү

Сол жак:

Кой кайтарып жүрүп кырк чилтенге жолугат

8- класс

Оң жак:

Көөнөрбөс өнөрдү азыркы учурда Замирбек Үсөнбаев, Эмилбек Иманалиев, Жеңишбек, Аалы Туткучев, Азамат сыяктуу таанымал акындар улантып келе жатышат.

Сол жак:

Алар турмушта орун алган ар кандай кемчиликтерди куйкум сөз менен куйкалашып, жалкоолукту, жатып ичерликти мыскылдап ырдашкан

Сунушталган тексттер, грамматикалык тапшырмалар жалпы кыргыз тили мугалимдери тарабынан кабыл алынды.

**Чечими:**

1. Ар бир кыргыз тили кабинеттерде сынак бурчу уюштурулсун.
2. Окуучуларды сынак бурчу менен тааныштыруу жүргүзүлсүн.
3. Окуучуларды сынакка даярдоо үчүн ар бир мугалим өтүлгөн грамматикалык темаларды ошондой эле өтүлгөн тексттерди, сөздөрдү кайталоо иштери жүргүзүлсүн.